**И. АРАБАЕВ атындагы**
**КЫРГЫЗ МАМЛЕКЕТТИК УНИВЕРСИТЕТИ**
**К. КАРАСАЕВ атындагы**
**БИШКЕК МАМЛЕКЕТТИК УНИВЕРСИТЕТИ**

**Д 10.24.699 ДИССЕРТАЦИЯЛЫК КЕҢЕШИ**

Кол жазма укугунда
УДК 81: 82-7 (575.2) (043.3)

**Сабиралиева Замира Маметовна**

# ТИЛДИН МЕНТАЛДЫК СЕМАНТИКАСЫНДАГЫ «ЮМОР» КОНЦЕПТИ

10.02.19 – тилдин теориясы

Филология илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган диссертациянын

**АВТОРЕФЕРАТЫ**

**Бишкек – 2024**

**Диссертациялык иш** Ош мамлекеттик университетинин орус жана салыштырма тил таануу кафедрасында аткарылды.

| | |
|---|---|
| **Илимий жетекчи:** | **Зулпукаров Капар Зулпукарович** филология илимдеринин доктору, профессор, Ош мамлекеттик университетинин Лингвистикалык изилдөөлөр борборунун директору |
| **Расмий оппоненттер:** | **Кусанова Бибигуль Хакимовна** филология илимдеринин доктору, Л.Н.Гумилев атындагы Евразия улуттук университетинин филология факультетинин чет тилдердин теориясы жана практикасы кафедрасынын профессору |
| | **Дмитриева Евгения Викторовна** филология илимдеринин кандидаты, Б.Ельцин атындагы КРСУнун гуманитардык факультетинин орус филологиясы кафедрасынын окутуучусу |
| **Жетектөөчү мекеме:** | Б.Осмонов атындагы Жалал-Абад мамлекеттик университетинин орус филологиясы кафедрасы. Дареги: 720901, Жалал-Абад ш., Т.Байзакова көч., 23. |

Диссертациялык иш 2024-жылдын 27-декабрында саат 10.00дө И. Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университети менен К. Карасаев атындагы Бишкек мамлекеттик университетине караштуу филология илимдеринин доктору (кандидаты) окумуштуулук даражасын коргоо боюнча түзүлгөн Д 10.24.699 диссертациялык кеңештин жыйынында корголот. Дареги: Бишкек шаары, И. Раззаков көч., 51А. Коргоонун онлайн трансляциясынын идентификациялык коду: https://vc.vak.kg/b/102-pct-peh-h5a

Диссертация менен И. Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университетинин (720026, Бишкек ш., И. Раззаков көч., 51А) жана К. Карасаев атындагы Бишкек мамлекеттик университетинин (720040, Бишкек ш., Ч. Айтматов просп., 27) китепканаларынан, ошондой эле диссертациялык кеңештин сайтынан (www.arabaev.kg ) таанышууга болот.

Автореферат 2024-жылдын 27-ноябрында таркатылды.

Диссертациялык кеңештин
окумуштуу катчысы, филология
илимдеринин кандидаты, доцент: Джаркинбаева Н.Б.

# ИЗИЛДӨӨНҮН ЖАЛПЫ МҮНӨЗДӨМӨСҮ

**Диссертациялык теманын актуалдуулугу.** Юмор - көп кырдуу жана көп аспектилүү когнитивдик-кептик чыгарма. Ал пикирлешүү жараянында маанилүү роль ойноо менен адам жашоосунун жана пикир алышуусунун бардык сфераларында кездешет. Ал тематикасы, максаты, түзүлүшү, прагматикасы, берилүү жолдору, стилистикасы жана башка параметрлери боюнча көп түрдүү, ошондой эле вербалдык жана вербалдык эмес, жалпы жана конкреттүү (кырдаалга байланыштуу), тилдик жана кептик, кыска жана кеңири, жалпы адамзаттык жана улутка багытталган ж.б. түрлөрдө да болушу мүмкүн. Буга ылайык юмор тил таануунун методологиясына, адабият теориясына, маданият таанууга, когнитологияга, этнологияга, прагматикага, логикага жана башка окшош илимдерге базалашкан комплекстүү изилдөөнүн предмети да боло алат. Кыргыз юморологиясынын бул багыты алигиче ачык жана иликтене элек бойдон турат.

Республикабызда учурда антропоцентрикалык лингвистиканын лингвоконцептология, лингвокогнитология, тилдик өлкө таануу жана лингвопрагматика сыяктуу багыттары тез өнүгүп жатат, булар жетишкендиктери лингвистикалык коомчулукка жакшы таанылa элек жана азыркы мезгилдеги юмордук табылгаларды кеңири пайдаланууга, өнүктүрүүгө муктаж багыттар болуп саналат.

Юмор Тоголок Молдонун, Ш. Термечиковдун, Р. Шүкүрбековдун, М. Алыбаевдин ж.б. чыгармаларында жана азыркы учурдагы куудулдардын (К. Абылов, А. Иманкулов, Б. Кудайбергенов, Т. Анарбаев, Т. Курбаналиев ж.б.) миниатюраларында кеңири чагылдырылган. Кыргыз юмору акын-жазуучулардын сатиралык чыгармаларын, ошондой эле фольклорду (Х. Бапаев (1981), К. Мамбеталиев (2011), К. Исаков (2011) ж.б.) изилдөөнүн контекстинде гана каралып келет жана дүйнөлүк, орус юморлорундагы жетишкендиктердин контекстинде атайын иликтөөнүн предмети болууга татыктуу.

Изилдөө темасынын актуалдуулугу бир катар лингвоэтномаданий факторлор менен шартталган: 1) когнитивдик лингвистикадагы “юмор” концептинин түшүнүктүк жана фреймдик-сценалык мазмунунун аныкталбагандыгы; кыргыз лингвомаданиятында жана лингвоконцептологиясында монолингвалдык жана диалектингвалдык планда аталган концепттин репрезентанттарынын изилденбегендиги; 2) бул концептти жана анын репрезентативдерин башка тилдердин материалында изилдөөнүн натыйжалары менен идеяларын кыргыз тилинин фактыларына – аны тил ээлеринин пикир алышуу, турмуш-тиричилик, оюн-зоок, үрп-адат жана башка стереотиптеринин өзгөчөлүктөрүн чагылдыруучу фактыларына өткөрүү зарылдыгы; 3) кыргыз юморунун улуттук-маданий жана когнитивдик-тилдик

өзгөчөлүктөрүнүн башка элдердин окшош же жакын прецеденттери менен салыштырмалуу изилденбегендиги; 4) филологиялык илимдерде юмордун өзгөчө текст катары же тексттин обочолонгон фрагменти катары толук аныктамасынын жоктугу, жалпы лингвомаданият таануунун жана кыргыз лингвоэтномаданият таануусунун көз карашынан юмордун концептуалдык түзүлүшүн, негизги белгилерин, функцияларын, типтерин аныктоо жана сыпаттоо зарылдыгы; 5) кыргыз тил илиминде, адабият таануусунда жана фольклористикасында «юмор» концептинин калыптануу тарыхы менен өнүгүүсүнүн, юморду мүнөздөөдөгү жана классификациялоодогу критерийлер менен принциптердин чагылдырылбагандыгы, кыргыз менталитетинде *тамаша* - «шутка, удовольствие», *азил* «шутка, забава, шарж», *келеке* «насмешка, издевка», *куйкум/куйкумдуу сөз* «язвительное/ехидное слово, острое замечание», *какшык* «насмешка, издевка, ехидство; попрек, упрек», *шакаба* «издевка, насмешка, вышучивание», *такмаза* «издевка, ехидное вышучивание», *аския* (диал.) «острота, острая шутка-экспромт», *апыртма* «непомерное преувеличение, которая иногда выступает в качестве номинанта юмора и юмористической ситуации» ж.б. тиешелүү кыргыз номинаттарынын ордуна жалпы жонунан колдонулуучу бул терминдин өздөштүрүлгөн сөз экендиги, экинчи планда турушу; 6) кыргыз юморунун типологиясын, функцияланышы менен түзүлүшүн лингвокогнитологиянын, лингвомаданият таануунун, кеп жаратуу жана кепти кабыл алуу теорияларынын, ошондой эле лингвопрагматиканын көз карашынан изилдөө зарылдыгы; 7) тил илиминде, лингвомаданият таанууда жана стилистикада юмордук текстти вариантташтыруу, аны кептик маалыматты түзүүчүнүн да, кабыл алуучунун да ролунда пикир алмашууга катышуучулардын психикалык-физиологиялык, социалдык-маданий, улуттук-тилдик ж.б. өзгөчөлүктөрүнө, баарлашуу кырдаалына жана контекстине ылайык өзгөртүп түзүү жолдору менен ыкмаларынын изилденбегендиги.

**Теманын илимий-изилдөө мекемелеринин долбоорлору жана мамлекеттик программалар менен байланышы.** Диссертациялык иш 2009-2011-жылдарда КРдин Билим берүү жана илим министрлигинин илим жана жаңы технологиялар башкармалыгы тарабынан каржыланган «Кыргызстандын лингвомаданий объектилери тил илиминдеги заманбап парадигмалардын контекстинде» долбоорунун алкагында аткарылды.

**Иштин максаты** – тилдин аң-сезим, маданият жана фольклор менен байланышын изилдөөгө карата полипарадигмалдык мамиленин жоболорунун негизинде "Юмор" концептинин репрезентативдеринин тил аралык, маданият аралык, улуттук-спецификалык жана дискурсивдик-тексттик касиеттерин комплекстүү салыштырма сыпаттоо.

Максатка жетүүдө төмөндөгү **конкреттүү милдеттердин** чечилиши каралган:

1. Юмордун теориясы каралган лингвистикалык антропоцентризмдин, лингвоконцептологиянын, лингвоэтномаданият таануунун, лингвопаремиологиянын жана дагы башка жакын лингвистикалык дисциплиналардын теориясы боюнча адабияттарды карап чыгуу, үйрөнүү; юморду жана юмордук кырдаалдарды түзүүдөгү жалпы мыйзам ченемдүүлүктөрдү аныктоо; дискурс теориясынын контекстинде юмордун жалпыланган жана универсалдуу аныктамасын сунуштоо; "Юмор" концептинин фрейм-сценарийдик жана дискурс-тексттик мазмуну;

2. Илимдин жана маданияттын мыкты кызматкерлеринин юмор тууралуу айткан ойлорунун, филологиядагы, маданият таануу менен эстетикадагы комикалуулук боюнча тиешелүү жоболордун, лингво-паремиологиянын аспектисиндеги чакан юмордук чыгармалардын картотекаларын түзүү, аларды прагмалингвистиканын, маданияттар аралык коммуникация менен тексттин теориясынын, когнитивдик тил илиминин учурдагы жетишкендиктерин эске алуу менен классификациялоо жана интерпретациялоо;

3. Юморду түшүнүүнүн, эстеп калуунун, колдонуунун, баалоонун жана жайылтуунун экстралингвистикалык факторлордун баарынан көз карандылыгын көрсөтүү;

4. Юмордун варианттарын, вариацияларын жана трансформаларын ачып берүү, юмордук минитекстти вариантташтыруунун негизги ыкмаларын аныктоо; анекдоттун же юмордун башка жанрынын вариациаланган трансформаларындагы маанилик эквиваленттүүлүктү жана көркөм-эстетикалык окшоштукту көрсөтүү; анекдотторду бир тилден экинчи тилге которууда жана кайра түзүүдө юмордун курчтугунун жоголуусунун түрлөрүн көрсөтүү;

5. Анекдотторду, курч миниатюраларды ж.б.у.с. бир тилден экинчи тилге которуу жана өзгөртүп түзүү боюнча сатириктер менен юмористтердин тажрыйбасын изилдөө.

**Иштин жыйынтыктарынын илимий жаңылыгы төмөнкүлөр:**

1) “Юмор” концептинин концептуалдык жана фреймдик-сценарийдик касиеттери аныкталды, алар анын когнитивдик-дискурсивдүү маңызын биргелешип чагылдырат;тексттеги «Юмор» концепттин объектилешүүсүнүн өзгөчөлүгү көрсөтүлөт;

2) юморду түшүнүүнүн, колдонуунун жана ага баа берүүнүн лингвистикалык эле эмес, көптөгөн экстралингвистикалык факторлорго (социалдык, улуттук, маданий, диний ж.б.) көз карандылыгы көрсөтүлдү; анын прагматикасынын өзгөчөлүктөрү бөлүнүп берилди;

3) юмордун бардык жанрларын жана поджанрларын, типтери менен подтиптерин камтыган бир топ негиздүү классификациясы жүзөгө ашырылды;

4) юмордук тексттердин кырдаалга, айтуучунун жана/же угуучунун жеке инсандык өзгөчөлүктөрүнө, которулуп жаткан тилдин өзгөчөлүгү менен котормочуга байланыштуу вариантташтырылышы жана трансформацияланышы жөнүндө жобо негизделди; юморду изилдөөнүн тарыхында биринчи жолу кыргыз тилинде фактылай материалдар каралып, талданды;

5) юморду кайра өзгөртүп түзүүнүн негизги жолдору аныкталды.

**Алынган натыйжалардын практикалык мааниси:** аларды «Тил теориясы», «Сатиранын тарыхы жана теориясы», «Элдик оозеки чыгармачылык» курстарында, тилди окутуу боюнча практикалык сабактарда, «Лингвистикалык паремиологиянын негиздери» атайын курсунда колдонууга болот.

**Диссертациянын коргоого сунушталган жоболору:**

1. Юмор – өзүнүн өзгөчө концептуалдуу мазмунуна ээ абстрактуу жалпылаштырылган тилдик-менталдык жана сценарийлүү-дискурсивдик түзүлүш.

2. «Юмор» концепти татаал прагматикага ээ жана адресатты, адресантты, белгилүү бир кырдаалды, өзгөчө «композицияны», түзүүнүн логикасы менен ыкмаларын камтыйт.

3. Юмордун жалпы аныктамасы өз чегинде анын жеке аныктамаларын, жанрлары менен поджанрларын, типтери менен подтиптерин камтыйт жана координациялайт, ошондой эле юмордун бир топ рационалдуу классификациясын иштеп чыгууга негиз катары кызмат кылат.

4. Юмор динамикалык мүнөзгө ээ болуп, дайыма ооздон оозго өтүп, өзгөрүп турат. Анын вариациаланышы лингвистикалык жана лингвистикалык эмес факторлордон көз каранды.

5. Бир тилден экинчи тилге которуу – өзгөртүп түзүүнүн тексттеги элементтердин ордун алмаштыруу, башкалары менен алмаштыруу, калтырып кетүү, ордуна коюу сыяктуу ыкмаларындай эле юморду трансформациялоонун кеңири тараган ыкмаларынын бири. Тилдик анекдотторду андагы курч ойду сактоо менен которуу мүмкүн эмес.

**Изденүүчүнүн жеке салымы.** Иштин идеясы илимий жетекчиге таандык. Адабияттарды карап чыгуу, фактыларды анализдөө, топтоо, системалаштыруу, жыйынтыктарды формулировкалоо жана жалпылоо иштерин изденүүчү өзү ишке ашырган.

**Изилдөөнүн натыйжаларын апробациялоо.** Диссертациялык изилдөөнүн негизги жыйынтыктары ф.и.д., профессор К. Зулпукаровдун 70

жылдыгына арналган «Тилдер Кыргызстандын лингвистикалык жана маданий мейкиндигинде» (29.09.2017), профессор М. Ж. Тагаевдин 70 жылдыгына арналган «Тилдер маданияттардын диалогунда» (10.10.2017), «Карелиядагы Фортунатов окуулары» (10-12.09.2018), "Мамлекеттик тилди өнүгүшүндөгү тил саясатынын ролу" (03.10.2023, Фергана), "Ч. Айтматов жана дүйнөлүк адабият" (05.12.2023, Фергана) ж.б. илимий-практикалык конференцияларда кыргыз жана орус тилдеринде талкууланган.

**Диссертациянын натыйжаларын чагылдыруунун толуктугу.** Изилдөөнүн темасы боюнча отуз беш макала жарыяланган: алардын экөө Scopus индекси бар журналдарда, он экиси РИНЦке кирген ар кандай басылмаларда жарыяланган.

**Изилдөөнүн түзүлүшү.** Иш киришүүдөн, үч баптан, корутундудан, колдонулган адабияттардын тизмесинен жана тиркемеден турат. Көлөмү – 186 бет.

## ДИССЕРТАЦИЯНЫН НЕГИЗГИ МАЗМУНУ

**Киришүүдө** теманын актуалдуулугу негизделип, изилдөөнүн максаты, милдеттери, илимий жаңылыгы, иштин теориялык, практикалык баалуулугу жана коргоого сунушталган жоболору баяндалган, ошондой эле изилдөө материалдарынын апробацияланышы менен жыйынтыктары тууралуу, иштин көлөмү жана түзүлүшү жөнүндө маалыматтар берилген.

"**Изилдөөнүн принциптери жана теориялык негиздери**" деген темадагы биринчи бап обзордук мүнөзгө ээ.

"**Концепт антропоцентрикалык лингвистиканын категориясы катары**" аттуу 1-бөлүмдө концептология боюнча адабияттарга сереп жасалган. Учурда тилдеги концепттерди изилдөө лингвистикадагы эң кеңири тараган жана перспективалуу багыттардын бири болуп саналат. Бул темага көптөгөн лингвистикалык адабияттар арналган (Дж. Лакофф (1981), А. П. Бабушкин (1996), Н. Н. Болдырев (2001), Е. С. Кубрякова (1994), З.Д. Попова (1999), И. А. Стернин (1999), Д. С. Лихачев (1997), М.Ж. Тагаев (2004), К.З. Зулпукаров (2005), З.К. Дербишева (2009), У.Ж. Камбаралиева (2013), Ю.С. Степанов (2007), С.Г. Воркачев (2001), В.И. Карасик (1996), З.Х. Бижева (2004), С.Х. Ляпин (1997), Г.Г. Слышкин (2004), Т.В. Токарев (2000), А.А. Залевская (2001), В.В. Красных (2002), Н.А. Красовский (2001), В.И. Шаховский (1988) ж.б.).

Концепттердин түрдүү эмгектерде көрсөтүлгөн классификацияларынын арасында төмөнкүлөр кеңири жайылган: 1) когнитивдик (конкреттүү сезимдик образ, элестетүү, схема, түшүнүк, прототип, пропозиция, сценарий (скрипт), гештальт); 2) маданият таануучулук (конкреттүү жана абстрактуу концепттер, автохтон концепттер жана протоконцепттер ж.б.); 3) социолингвистикалык (этномаданий, социомаданий жана жеке маданий);

4) базалык концепттер (космостук, социалдык, психикалык) менен дескриптор-концепттерди (димeнсионалдык, квалитативдик, квантитативдик) айырмалоочу түшүнүктүк классификация.

Лингвисттер үчүн маанилүү көйгөй **концепттердин классификациясы үчүн негиздемелерди тандоо** болуп эсептелет. Концепттер татаал негиз болуу менен бирге бир өлчөмдүү классификацияга сыйбайт, анткени тилдин концептосферасы менен чагылдырылуучу дүйнө өзү көп кырдуу. Ошентсе да окумуштуулар концепттерди бул же тигил белгилеринин негизинде классификациялоого бир нече жолу аракет кылышкан (Ю.Е. Прохоров (2008), Л.И. Дрофа (2009), К.З. Зулпукаров (2005), У.Ж. Камбаралиева (2019), О.Н. Кондратьева (2004), А.А. Абдулатов (2006), Г.А. Абыканова (2009), Г.А. Мадмарова (2017), Ы.А. Темиркулова (2008), С.М. Амиралиев (2011), Р.К. Ормокеева (2016) ж.б.).

**"Юмор" концепти гносеологияда, жалпы филологияда жана тил илиминде**" деген 1.2-бөлүмүндө юмор теориясынын жана практикасынын айрым аспектилерин жана анын адам жашоосундагы ролун кыскача баяндап, "юмор" концептине гносеология, социология, кептик актылар теориясы жана башка тиешелүү илимдердин көз карашынан болжолдуу аныктама бердик.

Филогенезде да, онтогенезде да күлкү юмордон мурда пайда болот. Юмор күлкү үчүн эле пайда болгон эмес. Юмор үчүн күлкү зарыл, бирок андан башка да, т.а., чукугандай сөз тапкычтык да керек. Комикалык искусствонун алгачкы функциясы да дал ушундай курч сөз аркылуу күлдүрүү болуп саналат. Кытыгылоо да адамдарды күлдүрөт. Бирок бул искусство эмес, эстетика да эмес. Анда күлкүлүү курч сөз жок. Ушул түшүнүктөн алып караганда, юмордун үч касиетин белгилөөгө болот: 1) жалпыга таандык мүнөзү; 2) күлкү жаратууга жөндөмдүүлүгү; 3) кептин белгилеринин болушу.

**1.3. Юмор когнитивдик-дискурсивдик түзүм катары.** Тексттин лингвистикасын тексттин теориясы, текст таануу же текстология деп түрдүүчө аташат (В. Г. Адмони (1989), Г.Я. Солганик (1984), Е. Косериу (1963), М. Хэллидей (1979), К. Гаузенблас (1988), В.И. Кодухов (2013), Т.А. ван Дейк (1977), Т. М. Николаева (1969), И.Р. Гальперин (1981), З.Я. Тураева (1986), С. Г. Ильенко (1989), С. Омуралиева (2002), С.Дж. Мусаев (2010), О. И. Москальская (1981), Н.Д. Зарубина (1981), Т.С. Маразыков (2005), П. К. Кадырбекова (2012), Г.Г. Матвеева (2016), З. Караева (2000), А. А. Бекбалаев (1990), Г. А. Бексултанова (2008), Т.И. Бельская (2010), Б. Е. Дарбанов (2013), Т.В. Старцева (2012), В.Б. Суркеева (2008), Т. Аширбаев (2000), А.Н. Сыдыков (2013), Дж.А. Чыманов (2010), Г. Ж. Кожоева (2012), Г.А. Мадмарова (2017), С.К. Эшманова (2017) ж.б.). Бул аспектиде текст менен байланышкан бардык тилдик проблемалар

талдоого алынат: тексттин жалпы теориясы, анын методологиялык негиздери, методдору жана ыкмалары, принциптери жана категориялары.

Окумуштуулар текстке бири-биринен көлөмү, аларда чагылдырылган белгилердин толуктугу, ынанымдуулугу боюнча айырмаланган түрдүү аныктамаларды беришет. Текст теориясынын жогоруда аталган лингвисттердин изилдөөлөрүндө камтылган жоболорун интеграциялоо менен биз тексттибир тилдин тамгалык-тыбыштык белгилери аркылуу түзүлгөн, тема, максат жана мазмундун жалпылыгына ээ, ошондой эле байланыштуулукка, уюшумдуу бүтүндүккө, семантикалык-стилистикалык биримдикке ээ, маалыматты сактоо, берүү жана жайылтууга арналган, бир сүйлөмдөн тартып ири чыгармага чейинки көлөмгө ээ болгон менталдык-кептик чыгарма деп аныктадык. Бул аныктама өз ичине тексттин төмөнкү белгилерин камтыйт: 1) оозеки жана жазуу формасында түзүлүшү; 2) байланыштуулугу жана уюшулгандыгы; 3) бөлүктөрүнүн иерархиялык курулушу; 4) тематикалык биримдиги; 5) функционалдык-стилдик бир түрдүүлүгү; 6) структурасынын жана маанисинин бүтүндүгү; 7) мазмунунун бир темага жана максатка багытталышы, баш ийиши; 8) маалыматтуулугу; 9) маалыматты сактоого жана өткөрүп берүүгө жөндөмдүүлүгү; 10) бир тилдин тамгалык-тыбыштык белгилери аркылуу түзүлүшү, белги билдирүүчүлүгү ж.б.

Белги билдирүүчүлүк касиети кээде билингвизм шарттарында бузулушу мүмкүн, буларды рекламалардан, көрнөк-жарнактардан, сөздүк макалалардан, котормолордон, конституция жана мыйзамдардын тексттеринен ж.б. көрүүгө болот.

Тексттин көптөгөн түрлөрү жана типтери бар. Аны көлөмү, максаты, стили жана башка параметрлери боюнча классификациялашат. Аны бир эле критерий боюнча классификациялоого мүмкүн эмес.

1-баптын 4-бөлүмүндө **"Юмор жана дүйнө сүрөттөлүшүнүн типологиясы тууралуу маселеге"** кайрылдык. Дүйнөнүн сүрөттөлүшү дегенде, адатта, реалдуу жана ирреалдуу дүйнө жөнүндөгү индивидумдун, социалдык топтун жана жалпы адамзаттын аң-сезиминде калыптанган билимдердин системасы түшүнүлөт. Бул боюнча бир катар окумуштуулардын эмгектеринде кеңири маалыматтар берилген (В. А. Маслова (2001), З.Д. Попова (2002), И.А. Стернин(2002), Л.И. Дрофа (2009), З.К. Дербишева (2017), У.Ж. Камбаралиева (2013), А. А. Калмурзаева (2010), С.М. Амиралиев (2011) ж.б).

Дүйнөнүн сүрөттөлүшү – лингвистикалык антропоцентризмдин негизги түшүнүктөрүнүн бири. Ага дүйнөнүн бир кыйла жеке сүрөттөлүшү ылайыкташтырылат. Дүйнөнүн сүрөттөлүшүнүн кээ бир түрлөрүнө токтолуп, аларды кыскача мүнөздөйбүз: 1) дүйнөнүн этникалык (улуттук) сүрөттөлүшү;

2) дүйнөнүн диний сүрөттөлүшү; 3) дүйнөнүн философиялык сүрөттөлүшү (модели); 4) дүйнөнүн илимий сүрөттөлүшү (модели); 5) дүйнөнүн жөнөкөй (наивный) сүрөттөлүшү; 6) дүйнөнүн тилдик сүрөттөлүшү; 7) дүйнөнүн жекече тилдик сүрөттөлүшү, дүйнөнүн жеке улуттук тилдик сүрөттөлүшү ж.б. Мындан сырткары, дүйнөнүн физикалык сүрөттөлүшү, дүйнөнүн химиялык сүрөттөлүшү ж.б., дүйнөнүн атайын багыттагы сүрөттөлүштөрү же моделдери айырмаланып берилет.

Когнитологияда дүйнөнүн түзмө-түз же ортомчу аркылуу, рационалдуу же эмпирикалык, реалдуу же ирреалдуу, мейкиндиктик же мезгилдик сүрөттөлүштөрү да айырмаланып көрсөтүлөт.

**"Юмордун гуманитардык илимдерде изилденүү тарыхынан"** 1.5.-бөлүмүндө юмордун гуманитардык илимдерде – философияда, жалпы филологияда, фольклористикада, психологияда, адабият таанууда, тил таанууда ж.б. изилденүү тарыхы каралат (Аристотель, Цицерон, Платон, А. Бергсон (1999), И. Кант (1788), А. Шопенгауэр (1993), Г. Спенсер (1861),М. Истмен (1921), Р. Провайн (2000), З. Фрейд (1921), А.Н. Лук (1968), А. Дмитриева (1977), А. Архипова (2001), Ю. Борев (1988), Д. Николаев (1962), В. Фролов (1954), Б. Минчин (1959), Я. Эльсберг (1957), В. И. Карасик (1997) ж.б.). Бул бөлүмдө юмор сезими жана акылдын курчтугу деген эмне, анын табияты жана адам үчүн мааниси кандай экендигин талдоого аракеттендик. Юмордун жана акыл курчтугунун маанисин, табиятын түшүндүрүүчү теориялар көп, биз аларды негизги топторго топтоого аракет кылдык.

Юморду теориялык жактан түшүнүү жана үйрөнүү багытында бир топ иш жүргүзүлгөнү, анын тарыхы менен негизги этаптарынын, теориялык концепцияларынын иликтенгендиги, юморду философиялык, логикалык, лингвистикалык, маданият таануучулук, психологиялык жана башка аспектилерде изилдөөгө карата мамилелер такталгандыгы обзордон көрүнүп турат. Дагы деле талаш туудурган маселелер көп. Бул багыттагы талаш-тартыштар, кайчы көз караштар юмордун маңызын жана аны түзүүнүн эрежелерин түшүнүү, анын жалпы теориясын иштеп чыгуу боюнча жалпы түшүнүккө алып келет деп эсептейбиз.

**"Юмордун лингвистикалык илимий адабияттарда интерпретацияланышы"** деген 1.6-бөлүмдө А.А. Зализняк (2007), В. Н. Тришина (2013), А. А. Сычев (2003), А. В. Дмитриев (1998) ж.б. эмгектерин карадык. Тил жөнүндөгү илимде юмор өзгөчө орунду ээлейт, анткени менталдык-вербалдык пикир алмашуу процессинде маңызы ачыла турган психикалык, социалдык, прагматикалык, этномаданий, тарыхый татаал кубулуш болуп саналат.

Комикалуулуктун түрлөрүнө адатта сатира, юмор, ирония, сарказм, гротеск ж.б. кирет. Комикалуулук көбүнчө искусствонун түрлөрүндө жана жанрларында жаралышы мүмкүн, антсе да ал комедия, буффонада, мим, капустник, фарс, скетч, кинокомедия, фельетон, эпиграмма, пародия, частушка, карикатура, шарж жанрларына көбүрөөк мүнөздүү. Ал анекдот, тамаша, каламбур түрүндө чагылып, ошондой эле калптарда, жаңылыштыктарда, түрдүү күлкүлүү түшүнбөстүктөрдө жана каталарда атайын ойлонулбастан эле жарала бериши мүмкүн.

Күлкү жаратуучу ыкмалар ар түрдүү. Аларды эки топко бөлүүгө болот. Биринчиси – чындык менен күтүлгөн нерсенин ортосундагы дал келбестикке негизделген ыкмалар. Алсак, фарста күлкүнү күтүүсүз кетирилген каталар, жаңылыштыктар, ыңгайсыздыктар пайда кылат. Гротескте күлкү кайсы бир мүнөздүн ашыкча күчөтүлүшүнө негизделиши мүмкүн. Башка топтогу күлкү жаратуучу ыкмалар – алыс түшүнүктөрдүн жакындашы. Мындай ыкмаларга *каламбур* (сөздөрдүн окшош угулушуна негизделген жакындык), эки объектини салыштырууга негизделген, буруп айтылган сөз кирет.

Юмор коомдогу өзүнүн маанилүүлүгүнө жана көп функциялуулугуна жараша ар тараптуу түшүнүүгө жана изилдөөгө татыйт.

“**Юморду текст теориясынын жана фреймдик-сценарийдик түзүлүштүн позициясында изилдөөнүн методдору жана методологиясы**” деген 2-бапта тексттин лингвистикасынын бүтүндөй юморологияга жана юмордук тексттерди изилдөөгө тиешелүү принциптери менен идеяларына мүнөздөмө берүү максаты коюлду.

**«Юмордук тексттер изилдөөнүн фактылык базасы катарында”** бөлүмүндө изилдөөнүн объектиси жана предмети так аныкталган. **Изилдөө объектиси** болуп «юмор» концептинин репрезентативдери, **предмети**– юмордук тексттердин лингвоэтномаданият таануунун, лингвоконцептологиянын, когнитивдик тил илиминин жана азыркы учурдагы тил илиминин башка тармактарынын көз карашынан каралган түрлөрү, көп түрдүүлүгү жана типтери эсептелет.

“**Изилдөөнүн методдору”** деген 2-бөлүм үч этапты камтыган изилдөөбүздүн методикалык негизине арналган: 1) фактылык материалдарды издөө, жыйноо, каталог түзүү жана системалаштыруу; 2) фактыларды топторго бөлүштүрүү жана аларды алдын-ала түзүлгөн план боюнча бөлүктөргө бөлүү, мында юмордук тексттердин логикалык, лингвистикалык жана башка байланыштары, мамилелери эске алынды; 3) фактылык материалдарды комментарийлөө, которуу, трансформациялоо, интерпретациялоо, сыпаттап жазуу, салыштыруу, анализдөө, синтездөө жана тыянактарды түзүү жана жалпылоо. Биздин ишибизде юмор менталдык-кептик чыгарма катары каралат, ошондуктан мында лингвокогнитологияда

жана тексттин лингвистикасында колдонулуучу талдоо методдору менен процедуралары басымдуулук кылат.

**“Юмор жана этностун менталитети”**аттуу 2.3-бөлүмдө этностун тилдик-менталдык дүйнө сүрөттөлүшү каралган. Ар бир элдин аң-сезиминде юмордун өзүнчө модели, өзүнүн мотивдери, тамашаны түзүүнүн жолдору жана шарттары, аны тартуулоонун, көтөрүүнүн ыкмалары бар.

«Тилдик менталдуулук» термини менталигвистикада, психолингвистикада, когнитивдик тил илими менен лингвомаданият таанууда активдүү колдонулат. Чындыгында, анын маанисин түшүнүүдө ар түрдүүлүк жана бирдиктүү көз караштын жоктугу байкалат. Окумуштуулар «менталитет» жана «менталдуулук» түшүнүктөрүнүн катышын да ар түрдүү беришкен. Алар коомдогу моралдык-этикалык, интеллектуалдык-менталдык жана башка баалуулуктардын түшүнүктүү да, түшүнүксүз да негиздерин таап чыгууга жана баяндап берүүгө аракет кылышат.

Кыргыз менталитети – менталитеттин улуттук белгилер боюнча типтеринин бир түрү (С.И. Ибрагимов (2004), А.Н. Сыдыков (2013), А. А. Айтбаев (2017), З.К. Дербишева (2017), Э.Ж. Апсаматова (2013) ж.б.). Кыргыздардын билимге, акылмандыкка, сөзгө, тилге, тамашага болгон аяр мамилеси кыргыз менталитетинин, улуттук аң-сезиминин маанилүү белгиси катары эсептелет. Алардын ичинен сөз чеберлери коомдук көз караште жогору бааланган. Мындай инсандар катары кыргыз элинин улуттук аң-сезиминин жана коомдук-саясий ойлорунун башатында туруп, кийин легендарлуу фигураларга айланган Асан Кайгы, Толубай сынчы, Санчы сынчы, Калыгул, Арстанбек, Молдо Кылыч ж.б. саналат. Биз булардын катарына Жээренче чечен, Куйручук, Райкан Шүкүрбеков, Шаршен Термечиков ж.б акылмандарды да кошсок болот. Булар элдин тилдик менталдыгын жана юмордук фондун кеңири байытышкан.

Азыркы учурдагы тил илиминде жана тексттин лингвистикасында окумуштуулардын улуттук юморду изилдөөгө кызыгуусу күч алганы байкалат. Юмор ойлоонун, тилдин жана кептин бирдиги, улуттук менталдыктын маанилүү түзүүчүсү болуп саналат. Ал белгилүү бир этностун тилдик-менталдык дүйнө сүрөттөлүшү жөнүндө маалыматтарынын кени болуп саналат жана анын улуттук менталитети менен элдик баалуулуктар системасынын өзгөчөлүктөрүн чагылдырат.

**“Юморду түзүүнүн когнитивдик-тилдик ыкмалары жана жолдору”** аттуу 2.4-бөлүм түрдүү негиздерде жүзөгө ашырылып жаткан юмордун типологиясына жана классификациясына арналган. Юмордун типтерин мүнөздөөдө алардын кептик-ой жүгүртүүчүлүк өзгөчөлүктөрү жана когнитивдик-тилдик негиздемелери биринчи планга чыгат.

1. Персонаждарды, сүйлөшүүдөгү предметтерди анимизациялоо. Бул ыкма тамсилдерде, жомоктордо, мультфильмдерде жана тамашаларда кеңири көрсөтүлгөн.

2. Гиперболизация. Юмордо предметтердин санын жана сапатын, алардын көлөмүн, составын, адамдын күчүн жана жөндөмдүүлүктөрүн ашыкча жогорулатуу ыкмасы көп кездешет.

Гипербола орус идиомаларында кездешет: *из блохи кровь высосет* (сараң жөнүндө), *копейку в семь узлов завязывает* (зыкым адам жөнүндө) ж.б.у.с., кыргыз фразеологизмдеринде да кездешет: *биттин ичегисине кан куят* «вливает кровь в кишки вшей» (адамдын билгилиги жөнүндө), *биттейде бириктик* (бала чагыбыздан достоштук) ж.б.

3. Гипонимдин ордуна гиперонимдин, гиперонимдин ордуна гипонимдин колдонулушу. Гипоним – жекече маанинин аталышы, гипероним жалпы маанини билдирет. Алардын өз ара алмашуусу синекдоханын эрежелеринин чегинде жүзөгө ашырылат.

*Жаш уландын велосипеди жоголуп кетет. Ага бир цыган келип шыбырайт:*

*– Бир чыны сырага акча берсеңиз, ким уурдаганын айтам.*

*– Албетте, айтсаң берем! – деп, цыганга сырага акча берет.*

*Цыган мырзага ийилип туруп, басымдуу мааниде мындай дейт:*

*– Уурулар!*

Сөздүн жалпы мааниси кырдаалдан чыгуу үчүн жана бир кружка сыранын акысы үчүн колдонулду.

*«Баш иштебесе – буттун шору»* деген кыргыз тилиндеги тамашалуу фразада акылсыз адам жөнүндө кеп болот. Эгер адамдын башы иштебесе, буту менен көп иштегенге туура келет. Ал түшүнбөй, ойлонбостон жана пландаштырбастан иш кылат. Ошондуктан ага жеңил бүтө турган ишке чоң физикалык күч, энергия жана убакыт коротууга туура келет. Мында «баш» деген сөз «адам, аңкоо» деген маанидеги имплициттик гипероним менен «мээ» деген гипонимдин ортосундагы түшүнүк катары келет. Баш – адамдын денесинин бир бөлүгү, ал эми акыл баштын бөлүгү болгон мээнин ишинин натыйжасы болуп саналат. Бул макал бир нерсени маалымдоо үчүн телефон аркылуу эле бүтө турган иштин ордуна ошол адамдын үйүнө же ишине барып алган нормалдуу адамга карата тамаша түрүндө колдонулат.

4. Заттын сандык, өлчөмдүк жана деңгээлдик касиеттеринин акырындык менен азайтылып же көбөйтүп берилиши. Кыргыз юморунда фольклордук каарман болгон Апендинин кебинде берилген *шорпосунун шорпосу* деген фразада тамактын составы сапаттык жактан азайтылып көрсөтүлгөн. Аталган ыкма менен түзүлгөн азыркы юморлордон «Саякат» миниатюрасын мисалга алууга болот.

*– Жубайым экөөбүз көптөн бери **Дубайга барууну кыялданчубуз**, акча топтоп, 8-мартка ага сюрприз кылууну чечтим.*

*Аялым, албетте, кубанды, бирок башка вариантты сунуштады:*

*– **Дубайга барып эмне кылабыз**, андан көрө Ташкентте эле эс алып келбейлиби, үнөмдөгөн акчабызга үй эмеректерин сатып алабыз.*

*Мен макул болдум... ойлонуп, мага башка идея келди:*

*– Менимче, **Ташкентке баруунун кажети жок**, биздин Оштун коовдугу жана даамдуу тамактары Ташкенттен кем калышпайт, ал эми үнөмдөлгөн каражатка мага жакшы костюм, булгаары бут кийим сатып алабыз.*

*Аялым макул болду. Бир сааттан кийин ал мындай сунуш киргизди:*

*– Биздин **Баткен базарында Оштогудай** эле самсалар бар, мен ойлойм, машинада 12 саат эзилип жүрбөй эле, бул жерден жеп алсак болот да.*

*Мен ойлонуп, мындай дедим:*

*– Жол тыгын болуп жатса, балдарды кыйнап, **Баткен базарына** барып эмне кереги бар, 2 килограмм эт сатып алып келип эле, үйдө бешбармак жейли. Мына ошентип Дубайда эс алууга топтолгон акчага **бешбармак даярдадык*** [265].

Чет өлкөдө эс алууга деген акчанын акырындык менен кыскарып отурушу жана ага ылайык үнөмдөлгөн акчанын көбөйүп барышы (кыскаруу – көбөйүү) юмордун негизин түзүп, катышуучулардын башка да каалолору менен кыялдары бар экендигин көрсөтүп турат. Юмор татаал фреймдик-сценалашкан түзүлүшкө ээ. Бул миниатюра саякаттоо модага айланган, бирок чет өлкөдө эс алууга баарынын эле мүмкүнчүлүгү жете бербеген азыркы учурда актуалдуу. Анда топтолгон акчага өздөрүнүн бир нече каалоолорун аткарууга жетишүүнү көздөгөн жубайлардын аракети шылдыңга алынган.

5. Псевдоконтраст текстте юморду түзүү максатында бири-бирине каршылаш коюлган карама-каршы эки кубулуш тууралуу сөз болгондо жаралат. Айтылган ойдо бири бирине карама-каршы эки бөлүк камтылат. Бирок жыйынтыктоочу бөлүк комикалык эффектти түзүү менен биринчи бөлүктү күчөтөт жана өнүктүрөт. Мындай тамашалуу фраза Ч. Диккенстин өз каармандарынын биринин портреттик сүрөттөөсүндө кездешет: *Анын **мурунундагы ачык кызыл өң** менен толукталып турган **саргыч купкуу жүзү** болчу.*

Юморду түзүүнүн бул беш ыкмасынан башка төмөнкү түрлөрү да продуктивдүү колдонулат: 1) алсыз тезисти логикалык жактан өнүктүрүү жолу аркылуу күчөтүү; 2) кабатталып келген жалганды күтүүсүз ачып жиберүү; 3) артыкчылыктардагы айырмачылыктардын билдирилиши; 4) аталыштардын кайра даректелиши; 5) адамдык сапаттардын керектелүүчү предметке өтүп кетиши; 6) тилдик бирдиктердин көлөмүнүн көбөйүшү (свертывание); 7) семантикалык интерференция; 8) абсурд; 9) жалган

басынтуучулук; 10) каламбур; 11) тегине, этникалык жана аймактык өзгөчөлүгүнө шек келтирүү; 12) эки ачалуулук; 13) бир лексикалык бирдикти экинчиси менен алмаштыруу; 14) макалдын бөлүктөрүндөгү сөздөрдүн ордун алмаштыруу; 15) макалдын көлөмүн кыскартуу; 16) макалдын көлөмүн сөз айкаштарын же сүйлөмдү алмаштыруу аркылуу көбөйтүү.

Албетте, юморду түзүүнүн жолдорун жана ыкмаларын оңой эле көбөйтүп коюуга мүмкүн. Юмордук тексттердин составына кызыккандардын, окумуштуулардын изилдөөсүн талап кылуучу көлөмдүү материал топтолду. Биз юморду түзүүнүн бир топ кеңири тараган жолдоруна мүнөздөмө берүү менен гана чектелдик.

**«Дүйнөнүн когнитивдик-тилдик сүрөттөлүшүндөгү юмордун мазмуну менен типтерин изилдөөнүн натыйжалары жана алардын талкууланышы»** деп аталган 3-бапта юмордун классификациясынын принциптери жана негиздемелери баяндалат, юморду типтерге жана түрлөргө бөлүүнүн негизги моделдерине мүнөздөмө берилет.

3.1.-бөлүм “**Юмордук тексттердин көлөмү боюнча түрлөрү”.** Текст тилдик-менталдык түзүм катары бир, эки сүйлөмдөн жана бир нече томдордон да турушу мүмкүн. Тексттик түзүмдөрдүн түрлөрү кеңири амплитудага ээ. «Бир сүйлөм – бир нече том» деген карама-каршы атрибуттар менен аныкталган эки түшүнүктүн ортосунда төмөнкү критерийлер боюнча бөлүнгөн көп сандаган ар түрдүүлүктөр жайгашат: 1) сүйлөмдөрдүн саны боюнча; 2) катышуучу субъекттердин курамы боюнча; 3) адресаттын жана адресанттын мүнөзү боюнча; 4) катышуучулардын жана катышпоочулардын мамилеси боюнча; 5) композициянын бар же жок экендиги боюнча; 6) тема менен предметтин бар же жок экендиги боюнча; 7) кабардын толук, толук эместиги, бүткөн, бүтпөгөндүгү боюнча; 8) субъектилердин иш-аракеттеринин карама-каршылыгы жана бирдейлиги боюнча; 9) юмордук тексттин курулушунун диалогдуулугу, монологдуулугу боюнча ж.б.

Айрым юмордук тексттер бир топ көлөмдүү формага жана татаал курулушка ээ. Аларды юмордук макротексттер деп аташат. Бүтүн көркөм чыгармалар юмордук касиетке ээ болуп, көтөрүңкү маанай жаратуучу күлкүлүү диалогдорго, кырдаалдарга, сценкаларга бай. Дүйнөлүк кино искусстводо комедия принциби боюнча түзүлүп, юмордун өнүгүшүнө, накыл сөздөрдүн, афоризмдердин жана притчалардын жайылышына чоң салым кошкон көптөгөн фильмдер бар.

**“Баяндоо стили боюнча айырмаланган фреймдик-сценарийдик түзүлүштөгү юмордук тексттер”** бир нече негиздемелерде функционалдык типтерге жана түрлөргө бөлүнөт: 1) тексттерди тигинен (вертикалынан) бөлүү. Анткени юмор «жогорку», «нейтралдык», «төмөндөтүлгөн» стилдерде айтылышы мүмкүн; 2) тексттерди реципиентке таасир этүү мүнөзү боюнча

бөлүү; бул талапка ылайык салтанаттуу (риторикалык), расмий, фамилярдуу; интимдүү-эркелетүүчү, тамашалуу (юмордук), күлкүлүү (сатиралык) болуп бөлүнөт; кээде бул стилдик подтиптер «вертикалдык» моделдин чегинде каралат; 3) тексттерди аткаруу стили боюнча бөлүү; бул принципке ылайык кептик чыгармалар сүрөттөө, баяндоо, ой жүгүртүү тексттерине ажыратылат; 4) тексттерди кептик актылар катары прагматикалык белгилерине карай бөлүү: сүйлөөчү менен угуучунун, адресант менен адресаттын өзгөчөлүктөрүн, алардын бири бири менен жана пикир алмашууга катышпагандар менен өз ара аракеттешүү бөтөнчөлүктөрүн эсепке алуу; бул принциптин алкагында диалогдук жана монологдук тексттерге ажыратылат; 5) тексттерди горизонталынан бөлүү, колдонулушу жана кызматы боюнча, жалпы кабыл алынган аткаруу манерасы жана нормасы боюнча бөлүү; мында кептик чыгармалар төмөнкүчө бөлүнөт: а) турмуш-тиричиликтик сүйлөшүү, б) адабий-көркөм, в) публицистикалык, г) канцелярдык (иш кагаздары), д) өндүрүштүк-техникалык, е) илимий стиль. Булар өз кезегинде дагы конкреттүү түрлөргө бөлүнүшөт.

**“Юмордун баяндоо тили боюнча типтери”** бөлүмү тексттерди дагы башка көз караштан классификациялайт. Көбүнчө тексттерди типтерге бөлүштүрүү сүйлөөчүнүн жана угуучунун тилин эске алуу менен жүзөгө ашырылат. Сүйлөөчү бир тилде айтып берет, угуучу аны түшүнөт же таптакыр түшүнбөйт. Пикир алышуунун катышуучулары эки же андан көп тилдерде сүйлөшөт, бул учурда бир тилден экинчи тилге эркин өтүп турушат. Тилдердин өз ара таасир этүүлөрүнүн натыйжасында келип чыккан анекдоттор да көп кездешет. Алардын тексттерде эки же андан көп тилдердеги сөздөр жана айтымдар орун алат. Баарлашуучулардын аң-сезиминде эки тилдин өз ара бири- бирине таасир этүүсү интерференция деп аталат, кээде бул да юмор жаратат.

**“Анекдот тексттин тилдик-менталдык өзгөчө тиби катары”** тексттин бардык касиеттерине жана анекдотту башка бардык тексттерден айырмалоочу өзгөчөлүктөргө да ээ. Бул бөлүмдө биз кептик чыгарма катары тексттин 27 белгисин санап көрсөттүк. Бирок бул анекдоттун айрым түрлөрүнө мүнөздүү максималдык сан. Адатта, анекдот 7-9 типтүү белгилер менен мүнөздөлөт. Анекдоттун милдеттүү түрдө кездешүүчү белгилери болуп темасы, идеясы, максаты, өзүнчө башталышы менен аякталышы, структурасы, бөлүктөрүнүн өз ара байланышы ж.б. болушу эсептелет.

3.5-бөлүм **“Адабият менен искусство чыгармаларынын курамындагы юморго”** арналат**.** Юмор көлөмдүү тексттердин: комедиялардын, интермедиялардын, водевилдердин, фарстардын,

тамсилдердин, кинокомедиялардын сценарийлеринин ж.б. структурасында кездешет.

3.6-бөлүмдө **“Юмордук тексттин когнитивдик-кептик чыгарма катары трансформацияланышы тууралуу”** айтылат. Юмор динамикалуу, түрдүү кырдаалдарга ылайык түрүн өзгөртүп, трансформацияга дуушар болот. Трансформациялануу анын эң кеңири тараган жанры анекдотко да мүнөздүү.

Бир эле окуя анекдот түрүндө да, азил-тамаша түрүндө да, турмуштан алынган окуя түрүндө да айтылышы мүмкүн. Мында текст жанрдын талабына ылайык модификацияланат.

Юмор көп функционалдуу когнитивдик-кептик чыгарма болуп саналат. **“Тамашанын пикир алышуудагы функциялары”** 3.7-бөлүмдө биз анын коомдогу негизги милдеттерине мүнөздөмө берүү менен төмөндөгүлөрдү белгиледик: 1) коммуникативдик же байланыш түзүүчү функциясы; 2) идентификациялоочу функциясы; 3) дифференциялоочу функциясы; 4) сындоочу же санкциялоочу функциясы; 5) жөнгө салуучу функциясы; 6) компенсатордук функциясы; 7) таанып-билүүчүлүк функциясы жана 8) терапиялык көңүл ачуучу функциясы.

**“Дүйнөнүн когнитивдик-тилдик сүрөттөлүшүндөгү юмор жана улуттук-маданий стереотиптер”** 3.8.-бөлүмүндө орус тилиндеги кээ бир этникалык анекдоттордун мүнөздөмөсү берилген, бул мүнөздөмө юморду сезүү жана аларды адекваттуу түшүнүү үчүн тигил же бул этноско тиешелүү болгон менталитеттин жана менталдуулуктун типтүү белгилери жөнүндө маалыматты, маданияттын (тамак-аш, салт-санаа жана үрп-адат), тилдин, жашаган орду менен мезгилинин шарттары ж.б. өзгөчөлүктөрдү камтыган белгилүү бир фондогу билимдерге ээ болуу зарыл экендигин көрсөтөт. Дал ошол этномаданий стереотиптердин контрасттары менен дал келбөөчүлүктөрү түрдүү элдердин когнитивдик-тилдик дүйнө сүрөттөлүшүндөгү улуттук, интернационалдык жана өзүн-өзү рефлекциялоочу боштуктардын мазмунун түзөт.

«Стереотип» түшүнүгүн илимге америкалык психолог У.Липпман киргизген, кийинчерээк ал азыркы лингвистикада колдоо тапкан (Г. Тэжфел (1982), Ж. Колен (1988), И.С. Кон (1966), Ю.Д. Апресян (1995), Е. Бартминьский (1997), В.А. Рыжков (1988), Ю.А. Сорокин (1978), Ю.Е. Прохоров (2009), П.Н. Шихирев (1971), С.М. Толстая (1995), Т.Г. Стефаненко (1987), А.К. Байбурин (1985), Л.И. Дрофа (2009) ж.б.). Этникалык стереотиптерди изилдөө үчүн түрдүү фактылар, эң алгач эле идиомалар, паремиялар (макалдар, лакаптар, икаялар, тамсилдер, табышмактар, велеризмдер ж.б.), ырлардын тексттери, көркөм чыгармалардын материалдары пайдаланылат. Алардын ичинен өзгөчө орун

этникалык анекдотторго берилет. Этникалык анекдоттордо бул же тигил элдин позициясынан башка элдердин өзгөчөлүктөрү, атап айтканда, мүнөздөрү, интеллекти, турмуш-тиричилиги, жашоо образы, жүрүм-туруму, үрп-адаттары, ишенимдери, маданий деңгээлдери ж.б. стереотиптери чагылдырылат.

Юморология боюнча азыркы учурдагы изилдөөлөрдө анекдоттун лингвоэтномаданий аспекти биринчи планга чыгат. Аларда «улуттук маданияттагы адам – адамдын улуттук маданияты» оппозициясы чагылдырылат.

Этникалык юмордун мазмунунда эки компонент так бөлүнүп көрсөтүлөт: а) элдин маданияты, тарыхы, турмуш-тиричилиги, жашоо образы, улуттук мүнөзү жөнүндө актуалдуу маалымат; б) бир улут жүнүндө башка улуттун аң-сезиминдеги түшүнүктөр. Бул учурда угуучулардын аң-сезиминде юмордук аңгеменин каарманы болуп эсептелген улуттун өкүлдөрүнүн этноконфессионалдык, этномаданий жана тилдик-менталдык өзгөчөлүктөрү жөнүндөгү маалыматтардын белгилүү фонду болуусу зарыл.

**“Юмордун негизги касиеттери жана түрлөрү тууралуу”** 3.9.-бөлүмдө ар кандай юмор күлкүлүү элементтери бар бардык тексттерди бир бүтүндүккө бириктирүүчү жалпы касиеттердин негизинде мүнөздөлүшү мүмкүн деген тыянакка келдик.

Юмордун теориясы менен тарыхын изилдөөлөрдөн аны түзүүнүн бир катар ыкмаларын көрө алдык жана буга ылайык анын бир нече типтерин айырмаладык: 1. Сүйлөөчүнүн же каармандын анткорлугун көрсөтүүчү тексттер: а) калп эле окшоштуруу; б) жалган карама-каршылоо; в) калп эле күчөтүү; г) калп эле басынуу; д) жалган терең ойлуулук. 2. Сандырактыкты жана логикасыздыкты камтыган тексттер: а) ашыра көтөрүү жана гиперболизация; б) өтө азайтуу; в) жумшак айтуу же эвфемизация; г) логикалык жактан туура келбеген эки айтымды бириктирүү; д) жалган ой жорум менен тыянак чыгаруу. 3. Стилдердин жылышууларын же «пландардын» биригүүсүн камтыган тексттер: а) терминдердин бири-бирине өтүүсү; б) кептик стилдердин жылышуулары; в) мазмундун стилге дал келбеши; г) кептин стили менен жагдайдын, убакыттын, орундун, кырдаалдын ж.б.тилдик эмес факторлордун дал келбеши. 4. Кайра кабыл алууга же чечмелөөгө жол берүүчү тексттер: а) каламбур; б) кош маанилүүлүк; 5. Ирония, сарказм. 6. Кыйытуу же ассоциациялардын даана багытталган чынжыры. 7. Предметтерди жана кубулуштарды салыштыруу: а) «таза» кайтарым салыштыруу; б) метафораны сөзмө сөз берүү; в) кокустук белгилери же кошумча белгилери боюнча салыштыруу; г) ар кайсы түрдөгү предметтер менен кубулуштарды окшоштуруу жана аларды «бирдиктүү тизмеде» берүү. 8. Парадокс. 9. Күлкүгө калуу, өзүн кемсинтүү. 10. Жазма

түрдөгү юмордо көп чекиттин коюлушу, оозеки кептеги тыным. Бул ыкмалар адабият менен искусствонун комедиялуу ири чыгармаларынын текстинде түрдүү комбинацияларда, комплекстүү «иштешет».




**Сүрөт 1. Юмордун классификациясы**

**3.10. "Жекече изилдөөнүн натыйжалары"** бөлүмүндө тил илиминин теориясы жана практикасы үчүн пайдалуу болушу мүмкүн болгон илимий натыйжаларга мүнөздөмө берилди.

## КОРУТУНДУ

1. Юмор – көп кырдуу жана көп аспектилүү социалдык маанилүү тилдик-когнитивдик кубулуш. Аны изилдөө полипарадигмалык мамиленин негизинде жүрөт, анткени ал көптөгөн илимдердин предмети болушу мүмкүн.

2. Юмор жөнүндө түшүнүк ар бир адамдын, этностун жана бүтүндөй адамзаттын аң-сезиминде болот. Ал аң-сезимдин элементи, адамдын жогорку интеллектинин жана курч акылынын маанилүү белгиси болуп саналат.

3. «Юмор» концепти – азыркы учурдагы адамзаттын когнитивдик-тилдик дүйнө сүрөттөлүшүнүн, пикир алышуунун жана аң-сезимдин маанилүү элементтеринин бири. Ал тексттик репрезентациялардын типтеринин ар түрдүүлүгүнөн жана маданий өзгөчөлүктөрдөн көз карандылык, глобалдуулук, автономдуулук, көп кырдуулук, көп аспектилүүлүк, мазмундук ар түрдүүлүк, экстенсионалдуулук касиеттерине ээ.

4. Юмор көп функциялуу. Анын функцияларынын ичинен биз өзгөчө байланыш түзүүчү, таанып-билүүчүлүк, терапиялык-көңүл ачуучу, компенсатордук, сындоочу, санкциялоочу, жөнгө салуучу, дифференцирлөөчү, идентификациялоочу функцияларын бөлүп көрсөтөбүз.

5. Ар кандай юмор когнитивдик-кептик түзүлүш катары семиотикалык системадагы тексттин бардык касиеттерине ээ.

Келечекте юмордун теориясы менен маңызын кеңири менталдык-тилдик материалдарда дагы тереңирээк изилдөө жана анын натыйжаларын окуу процессине кийирүү эске алынат.

## ЖАРЫЯЛАНГАН ЭМГЕКТЕРДИН ТИЗМЕСИ:

**1. Сабиралиева, З.М.** Междометия как основа грамматического анекдота [Текст] / З.М. Сабиралиева // Вестник Ошск. гос. ун-та. – 2012. – №4-1. – С. 132-135. https://www.elibrary.ru/item.asp?id=29128706

**2. Сабиралиева, З.М.** Концепт «Кыргыз/Киргиз» в ментальном сознании: исторический срез [Текст] / В.К. Сабирова, З.М. Сабиралиева, М.К. Козубекова // Теория и практика современной науки. – 2015. – №4 (4). – С. 377-380. https://elibrary.ru/item.asp?id=25326179

**3. Сабиралиева, З.М.** Лингвистические аспекты концепта «Юмор» [Текст] / З.М. Сабиралиева // Вестник Ошск. гос. ун-та. – 2015. – №5. – С. 114-118. https://www.elibrary.ru/item.asp?id=28297035

**4. Сабиралиева, З.М.** О текстообразующей функции повтора [Текст] / С.К. Эшманова, З.М. Сабиралиева // Современные тенденции развития науки и технологии. – 2016. – № 4-5. – С. 114-117. https://www.elibrary.ru/item.asp?id=25984870

**5. Сабиралиева, З.М.** Текст и его типы [Текст] / С.К. Эшманова, З.М. Сабиралиева // Наука, новые технологии и инновации Кыргызстана. – 2016. – №4. – С. 204-206. https://www.elibrary.ru/item.asp?id=26193301

**6. Сабиралиева, З.М.** Композиционно-языковая специфика анекдота [Текст] / З.М. Сабиралиева // Международная научная конференция. «Фортунатовские чтения в Карелии». – 2018. – С. 48-51. https://www.elibrary.ru/item.asp?id=36772952

**7. Сабиралиева, З.М.** О когнитивно-языковой сущности юмора и способах его создания [Текст] / К.З. Зулпукаров, З.М. Сабиралиева // Мир

науки, культуры, образования. – Горно-Алтайск, 2020. – №6 (85). – С. 600-604. https://www.elibrary.ru/item.asp?id=44536590

**8. Сабиралиева, З.М.** К вопросу о типологии текста как когнитивно-речевого произведения [Текст] / К.З. Зулпукаров, З.М. Сабиралиева // Мир науки, культуры, образования. – Горно-Алтайск, 2021. – №1 (86). – С. 423-425. https://www.elibrary.ru/item.asp?id=44819951

**9. Сабиралиева, З.М.** Коммуникативные стратегии в анекдоте [Текст] / Мапаева Н.А., Мамытова Г.З., Сабиралиева З.М. // Евразийское научное объединение. – М., 2021. – №4-4 (74).– С. 468-470. https://elibrary.ru/item.asp?id=46339012

**10. Сабиралиева, З.М.** Междометие как средство выражения юмора [Текст] / Сабиралиева З.М., Мамытова Г.З., Мапаева Н.А. // Евразийское научное объединение. – М., 2021. – №4-4 (74). – С. 483-486. https://elibrary.ru/item.asp?id=46339017

**11. Сабиралиева, З.М.** On the problem of text classification as a cognitive speech structure [Text] / Sabiralieva Z.M., Seyitbekova S.S., Baytikova G.S. //International Journal of Humanities and Natural Sciences. – 2022. – № 12-4 (75). – С. 178-183. https://elibrary.ru/item.asp?id=50147442

**12. Сабиралиева, З.М.**К вопросу об интерпретации юмора в научно-лингвистической литературе [Текст] / Г.А. Мадмарова, Сабиралиева З.М. // Вестник ЖАГУ. – Джалал-Абад, 2022. – Вып. 3 (52). – С. 76-83. https://elibrary.ru/item.asp?id=50322921

**13. Сабиралиева, З.М.**Reflections of Gender Inequality in Language and Culture [Text] / Madmarova, G.A., Gaipova, A.N., Gómez, I.V., Karabekova, E.A., Sabiralieva, Z.M. // Advances in Science, Technology & Innovation, 19 October 2023, pp. 469-473. https://link.springer.com/chapter/10.1007/978-3-031-34256-1_82

**14. Сабиралиева, З.М.**Titulature in the Text of the Epic “Manas” and “Babur’s Notes” as a Source of Information About the Social Institutions of the Central Asian Region[Text] / Abdykadyrova, S.R., Madmarova, G.A., Sabiralieva, Z.M., Bolotakunova, G.J., Gaparova, C.A. // Advances in Science, Technology & Innovation, 19 October 2023, pp. 505-510. https://link.springer.com/chapter/10.1007/978-3-031-34256-1_88

**Сабиралиева Замира Маметовнанын 10.02.19 – тилдин теориясы адистиги боюнча филология илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган «Тилдин менталдык семантикасындагы «Юмор» концепти» деген темадагы диссертациясынын**

**РЕЗЮМЕСИ**

**Негизги сөздөр:** *юмор, текст, концепт, менталитет, этнос, дихотомия, лингвопаремиология, дискурс, интерпретация, анекдот, дүйнө сүрөтү, стереотип, когнитивдик-тилдик аспект.*

**Изилдөөнүн объектиси** – «Юмор» концептинин тилдик репрезентативдери, анын **предмети** – лингвистикалык антропоцентризмдин аспектисинде каралуучу юмордук паремиялардын түрлөрү жана типтери.

**Изилдөөнүн максаты** – тилдин аң-сезим, маданият жана фольклор менен байланышын изилдөөгө карата полипарадигмалдык мамиленин жоболорунун негизинде "Юмор" концептинин репрезентативдеринин тил аралык, маданият аралык, улуттук-спецификалык жана дискурсивдик-тексттик касиеттерин комплекстүү-салыштырма сыпаттоо.

**Изилдөө методдору** катары эмпирикалык (жыйноо, каттоо, которуу ж.б.) жана теориялык (сыпаттоо, салыштыруу, жалпылоо, анализ ж.б.) методдор, процедуралар жана ыкмалар пайдаланылды.

**Изилдөөнүн негизги жыйынтыктары:**

1) "Юмор" концептинин түшүнүктүк жана фреймдик-сценарийлик касиеттери аныкталды, алар анын когнитивдик-дискурсивдик маңызын биргеликте чагылдырат; тексттеги "юмор" концептинин объектилешүү өзгөчөлүгү көрсөтүлдү;

2) юморду түшүнүүнүн, колдонуунун жана ага баа берүүнүн лингвистикалык да, көптөгөн экстралингвистикалык да факторлорго көз карандылыгы көрсөтүлдү; анын прагматикалык өзгөчөлүктөрү аныкталды;

3) юмордун бардык жанрларын жана кичи жанрларын, типтери менен кичи типтерин камтыган негиздүү классификация сунушталды;

4) юмордук тексттердин кырдаалга, айтуучунун жана/же угуучунун жеке инсандык өзгөчөлүктөрүнө, которулуп жаткан тилдин өзгөчөлүгү менен котормочуга байланыштуу вариантташтырылышы жана трансформацияланышы жөнүндө жобо негизделди; юморду изилдөөнүн тарыхында биринчи жолу кыргыз тилинде фактылай материалдар каралып, талданды;

5) юморду өзгөртүп түзүүнүн негизги жолдору аныкталды.

**Колдонуу чөйрөсү.** Иштин негизги жоболорун, идеяларын жана фактылык материалдарын республиканын ЖОЖдорунун филологиялык факультеттериндеги окуу процессинде, жалпы, салыштырма жана типологиялык тил илими боюнча курстарда, квалификациялык иштерди, магистрдик жана кандидаттык диссертацияларды жазууда пайдаланууга болот.

**РЕЗЮМЕ**

**диссертации Сабиралиевой Замиры Маметовны «Концепт «Юмор» в ментальной семантике языка», представленной на соискание ученой степени кандидата филологических наук по специальности 10.02.19 – теория языка**

**Ключевые слова:** *юмор, текст, концепт, менталитет, этнос, дихотомия, лингвопаремиология, дискурс, интепретация, анекдот, картина мира, стереотип, когнитивно-языковой аспект.*

**Объект исследования** – языковые репрезентативы концепта «Юмор», его **предмет** – виды, разновидности и типы юмористических паремий, рассматриваемых в аспекте лингвистического антропоцентризма.

**Цель исследования –** комплексно-сопоставительное описание межъязыковых, межкультурных, национально-специфических и дискурсирвно-текстовых свойств репрезентативов концепта «Юмор» на основе положений полипарадигмального подхода к изучению связи языка с сознанием, культурой и фольклором.

В качестве **методов исследования** использованы эмпирические (сбор, каталогизация, перевод и т.д.) и теоретические (описание, сравнение, обобщение, анализ и т.д.) методы, процедуры и приемы.

**Полученные результаты исследования и их новизна:**

1) определены понятийные и фреймово-сценарные свойства концепта «Юмор» суммарно отражающие его когнитивно-дискурсивную сущность; продемонстрирована специфика объективизации концепта «Юмор» в тексте;

2) показана зависимость понимания, использования и оценки юмора не только от лингвистических, но и многочисленных экстралингвистических факторов; выявлены особенности его прагматики;

3) осуществлена наиболее обоснованная классификация юмора, включающая в себя все его жанры и поджанры, типы и подтипы;

4) обосновано положение о варьируемости и трансформируемости юмористических текстов в зависимости от ситуаций, индивидуально-личностного своеобразия говорящего и/или слушающего, от переводчика и специфики языка, на который они переводятся; впервые в юморологии привлечен и проанализирован фактический материал на кыргызском языке;

5) установлены основные способы преобразования юмора.

**Область применения.** Основные положения, идеи и фактический материал работы могут быть использованы в учебном процессе на филологических факультетах вузов республики, в курсах общего, сравнительного, сопоставительного и типологического языкознания, при написании квалификационных, магистерских и кандидатских диссертаций.

## RESUME

**theses of Sabiralieva Zamira Mametovna "Concept "Humor" in the mental semantics of language" presented for the degree of candidate of philological sciences in the specialty 10.02.19 – language theory**

**Keywords:** *humor, text, concept, mentality, ethnos, dichotomy, linguoparemiology, discourse, interpretation, anecdote, world view, stereotype, cognitive-linguistic aspect.*

**The object** of the study is the linguistic representations of the concept of "Humor", its **subject** is the types, varieties and types of humorous paremias considered in the aspect of linguistic anthropocentrism.

**The purpose of the** work is a comprehensive comparative description of the interlanguage, intercultural, national-specific and discursive-textual properties of the representations of the concept "Humor" based on the provisions of a multi-paradigm approach to the study of the connection of language with consciousness, culture and folklore.

As research **methods**, empirical (collection, cataloging, translation, etc.) and theoretical (description, comparison, generalization, analysis, etc.) methods, procedures and techniques were used.

**The main results of the study:**

1) a general definition of humor is given, embracing all its basic properties and features and summarizing the types of the concept in all its diversity; the specificity of objectification of the types of the concept in a humorous text is demonstrated;

2) the dependence of understanding, using and evaluating humor is shown not only on linguistic, but also numerous extralinguistic factors; features of his pragmatics are revealed;

3) the most reasonable classification of humor has been made, including all its genres and subgenres, types and subtypes;

4) the provision on the variability and transformability of humorous texts depending on situations, the individual-personality identity of the speaker and / or listener, the translator and the specific language of which they are translated is substantiated; for the first time in the field of humor, factual material in the Kyrgyz language was involved and analyzed;

5) established the basic ways of transforming humor.

**Scope of application.** The main provisions, ideas and factual material of the work can be used in the educational process at the philological faculties of universities of the republic, in courses of general, comparative, comparative and typological linguistics, while writing qualification, master and candidate dissertations.

Форматы 60х84 1/16. Көлөмү 1,5 б.т.
Офсет кагазы. Офсеттик басма. Нускасы 100 экз.

ЖИ «Сарыбаев Т.Т.»
Бишкек ш., Раззаковкөчөсү, 49
т. 0 708 058 368